**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү Борборунун**

**Төрайымы Н.К.Шайлдабековага**

**Бакай-Ата айылдык Кеңешине**

**№3 шайлоо округунан талапкер**

**А.Ш.Каработоевтен**

# Арыз

Урматтуу Нуржан Кармабековна, жергиликтүү шайлоолордо техникалык жетишкендик жогорку деңгээлде уюштурулганын 2021-ж. 11-апрелиндеги шайлоодо эле көргөм. Бул жолку шайлоодо дагы АСУ, шайлоо өткөн имараттын шарты абдан жогорку деңгээлде уюштурулганын белгилеп кетким келет. Бирок адамдык фактор, жер-жерлерде мыкты технологияда уюштурулган шайлоо жараянына жаман кесепеттерин тийгизип кетүүдө.

№3 "Борбордук" шайлоо округунда одоно Шайлоо мыйзамдарын бузуу аныкталганын санап кетсем;

1. 17-ноябрда 715 шайлоочу 9 талапкерге добуш бергенин көрүүгө болот, натыйжада АСУ алардын ичинен 11 бюллетенди жараксыз деп тапканын көрүүгө болот. Андан кийин УШК төрайымы Дилбара Камчыбекова катчысы менен кеңешип туруп, ал жерде олтурган талапкерлердин 5 байкоочусу менен добушка салат. Ошентип алардын бары кол көтөрүп чечкенден кийин УШК 11 кызматкери жана 4 байкоочу менен жалпы бюллетендердин кол санагы башталат. Менин экинчи байкоочумду тышка чыгарып салат. Жараксыз бюллетендерди жарактуу же жараксыз деп чечүү бир гана УШК кызматкерлеринин укугу, алар гана колго салып добуш бере алат.

2. 2 сааттан ашык убакыттан кийин 300 добуш алган №1 талапкер А.М.Алымбековко 4 добуш, 304 добуш алган №4 талапкер М.Т.Исабековко 2 добуш жана 299 добуш алган №5 талапкер А.Ш.Каработоевке 2 добушту ошол компьютер жараксыз деп тапкан 11 бюллетендин ичинен добуштарды ыйгарат. Кол санактын протоколунда болсо УШК 11 бюллетен жараксыз деп жазып, таанып жатканын көрүүгө болот. Проткол тиркелет.

3. Shailoo.gov.kg сайтында аралыктан алган добуштарыбызда азыр карасаңыз, №1 талапкер 1 добуш, №5 талапкер 2 добуш алганын көрүүгө болот. Дагы 2 айым талапкер 1 добуштан алганын байкоого болот. https://newess.shailoo.gov.kg/ru/election/11158/ballot-count?type=VC_CONSTITUENCY&id=3779

4. Мен, 18-ноябрда АШКга кайрылып жолуга албай койдум, 09:00-11:30 чейин алардын кабинети бек болуп турду, мен алар менен 14:00 жолуга алдым. Шайлоонун жыйынтыгында даттануулар үчүн 72 саат берилгендиктен, мен 19-

ноябрда арыз берип, жообун 20-ноябрь 18:00 өткөндө алдым. АШК билдирүүсү бул арызга тиркелет.

5. Мамлекет атайын уюштурган, аралыктан добуш берүүчү 10 (он) пунктунан келген добуштарды УШК же АШК өз чогулушунун протколдоруна тиркеп же тиркебегенин билбей олтурам. Себеби ал протколдорду сурап, ала албай койдук. Буга видео далил бар.

Жогоруда санап берген далилдериме Сиз төрайымдык кылган БШК адилет чечим чыгарат деп ишенем. Себеби, 2026-жылы өтүүчү парламенттик, президенттик шайлоолордо аймактарды ушундай мүчүлүлүштүктөргө жол берилбеши кажет.

Сиздин көп жылдык шайлоо кампаниялардагы тажыйырбаңыз менен калыс реакция кылып, маселени өзүңүздүн дыкат көзөмөлүңүзгө алат деп ишенем.

“23” ноябрь, 2024-ж. А.Ш.Каработоев

17-НОЯБРЬ 2024
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО КҮНҮ

## КҮБӨЛҮК № 5

Фамилиясы Карабошоев

Аты Адилет.

Атасынын аты Шайлообекович

Бакай-Ата айыл кеңеши
(айылдык кеңештин жана көп мандаттуу шайлоо округунун аталышы)

Борбордук шайлоо округу

депутаттыкка талапкер болуп катталды

М.О.

Шайлоо комиссиясынын төрагасы

_______ (колу) Чукошаев Б.С. (Ф.А.А.)

2024-ж. "1" 11 (берилген датасы)

Эскертүү: Инсандыгын тастыктаган документти көрсөткөндө жарактуу

---

17 НОЯБРЯ 2024
ДЕНЬ ВЫБОРОВ ДЕПУТАТОВ МЕСТНЫХ КЕНЕШЕЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## УДОСТОВЕРЕНИЕ № ______

Фамилия Чубалиева

Имя Роспан

Отчество Тилебековна

зарегистрирован(а) кандидатом в депутаты

______________________________
(наименование айылного кенеша и многомандатного избирательного округа)

______________________________

М.П.

Председатель избирательной комиссии

_______ (подпись) _______ (Ф.И.О.)

«____» __________ 20___ г. (дата выдачи)

Действительно при предъявлении документа удостоверяющего личность

[illegible]

Бакай-Ата райондук
Аймактык шайлоо
комиссиясынын төрагасы
Б.С. Чукотаевке
"Борбордук" №6059 шайлоо
тилкесинен талапкер
А.Ш. Карабатоевден

# Арыз

2024-ж. 17-ноябрь күнү өткөн шайлоодогу 715 жарандан бюллетени келип түшкөн. Автоматтык эсептөөчү машинанын (АСУ) "жыйынтоочу отчетунда" жараксыз бюллетендердин саны 13 деп көрсөтүлгөн болсо, 702 добуш жарактуу болуп турганын так көрүүгө болот (21 нускадан турган компьютердик протоколдун көчүрмөсү тиркелет)

Шайлоо комиссиясы талапкерлерден байкоочуларгы менен добушка салып, "жараксыз" 13 бюллетендерди №1, №4, №5 талапкерлерге ыйгарып салган. Мен, №5 талапкер Карабатоев А.Ш. "жараксыз" бюллетендерди таанбайм.

Бийик тоогорунан жана Жер Үй алтын кенинен менин пайдама берилген добуштарды тактап берүүнүздү талап кылам.

19.11.2024-жыл

А.Ш. Карабатоев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАКАЙ-АТА АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАКАЙ-АТИНСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**


Кыргыз Республикасы,
Бакай-Ата айылы, Манас көчөсү №83
тел./ факс:: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14

adm58@shailoo.gov.kg

Кыргызская Республика,
с.Бакай-Ата, улица Манаса №83
тел./ факс: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14

adm58@ shailoo.gov.kg


1/7-7 21.11 **2024-ж.**

**Бакай-Ата районунун Бакай-Ата айылдык кеңешинин №3 Борбордук шайлоо округунан талапкер Каработоев Азамат Шайлообековичке**

**Билдирүү**

Сизге, 19.11.2024-жылдагы Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясына жазган арызыңыз боюнча төмөнкүчө маалымат берет.

Сиздин 2024-жылдын 17-ноябрында өткөн КР жергиликтүү кеңештеринин депуттарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктарына карата нааразычылыгыңызга “КР Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө тартиби боюнча мыйзам бузуу катталбаганын билдиребиз.

Ал эми арыздагы аралыктан добуш берүүдөгү добуштарды аныктоо боюнча талабыңызга аралыктан добуш берүү протоколунун негизинде аралыктан добуш берүү үчүн атайын ачылган 10 (он) тилкесинен Бакай-Ата айылдык кеңешинин №3 Борбордук шайлоо округунун талапкерлери үчүн 2 жарандын добуш бергени жана ал добуштар: №1 талапкер үчүн – 1, №2 талапкер үчүн - 1, №5 талапкер үчүн – 2, №7 талапкер үчүн – 1 добуш берилгендигин маалымдайбыз.

**Бакай-Ата аймактык**
**шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Чукотаев**

№_______ нуска

**2024-жылдын 17-ноябры**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

Талас обл. Бакай-Ата району
(облустун, райондун аталышы)

Бакай-Ата АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО БОЮНЧА
(айылдык кеңештин аталышы)

Бакай-Ата ШАЙЛОО ОКРУГУНУН №6059 „Борбордук".
(шайлоо округунун аталышы) (шайлоо участогунун аталышы)

**ШАЙЛОО УЧАСТКАСЫНДА ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ**

# П Р О Т О К О Л

№6059 шайлоо участкасынын шайлоо комиссиясы төмөнкүлөрдү **белгиледи:**

| 1. | **Талапкерлердин фамилиясы, аты, атасынын аты** (шайлоо бюллетенинде көрсөтүлгөн тартипте) | **Талапкер үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны** (сандар жана жазуу менен) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Алымбеков Анас Макумбекович | 0 | 3 | 0 | 4 | үч жүз төрт |
| 2. | Батырбекова Кенжекан Актыбековна | 0 | 3 | 2 | 1 | үч жүз жыйырма бир |
| 3. | Жуздукуева Жамийла Асанкановна | 0 | 1 | 4 | 9 | жүз кырк тогуз |
| 4. | Исабеков Мирлан Тынчтыкбекович | 0 | 3 | 0 | 6 | үч жүз алты |
| 5. | Каработоев Азамат Шайлообекович | 0 | 3 | 0 | 1 | үч жүз бир |
| 6. | Мураталиев Асан Абдыбекович | 0 | 1 | 7 | 0 | жүз жетимиш |
| 7. | Озубекова Айпери Бектургановна | 0 | 0 | 9 | 5 | токсон беш |
| 8. | Сайкылбекова Назира Кубанычбековна | 0 | 2 | 0 | 8 | эки жүз сегиз |
| 9. | Эралиева Кундузайым Озубековна | 0 | 1 | 0 | 3 | жүз үч |
| 10. | | | | | | |
| 11. | **«БААРЫНА КАРШЫ»** позициясы үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны | 0 | 0 | 0 | 2 | эки |
| 2. | Күчүн жоготту (КР БШКнын токтому, 01.10.2024-ж. № 156) | – | – | – | – | |
| 3. | Шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 1 | 9 | 3 | 6 | бир миң тогуз жүз отуз алты |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 4. | Күчүн жоготту (КР БШКнын токтому, 01.10.2024-ж. № 156) | — | — | — | — | |
| 5. | Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын жалпы саны **(5=5а+5б+5в)** | 0 | 7 | 1 | 5 | жети жүз он беш |
| 5а. | Добуш берүүчү жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны | 0 | 7 | 0 | 7 | жети жүз жети |
| 5б. | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны **(жарактуу көчмө үкөктөр боюнча)** | 0 | 0 | 0 | 8 | сегиз |
| 5в. | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны **(жараксыз көчмө үкөктөр боюнча)** | 0 | 0 | 0 | 0 | |
| 6. | Жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынып чыккан шайлоо бюллетендеринин саны | 0 | 0 | 0 | 0 | |
| 7. | Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | 0 | 7 | 0 | 4 | жети жүз төрт |
| 8. | Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны **(жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынып чыккан шайлоо бюллетендери эске алынбайт, б.а. 6-сап эске алынбайт)** | 0 | 0 | 1 | 1 | он бир |

**Эскертүү:** Шайлоо бюллетендери менен байланышкан адаттагыдан башкача, чыр-чатактуу окуялар жана талаш-тартыш кырдаалдар жөнүндө актылар протоколдун милдеттүү тиркемелери болуп саналат.

**Тиркемелер:** 1. АЭҮнүн баштапкы жана жыйынтыктоочу протоколдору ______баракта.
2. Идентификация боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчету ______ баракта.
3. Түшкөн арыз даттануулар боюнча УШКнын чечимдери _____ баракта.
4. УШК мүчөлөрүнүн өзгөчө пикирлери _______ баракта.
5. Тиркемелер _______ баракта.

№ 6059 шайлоо участкасы ______ барак

**Протокол 2024 жылдын «17» ноябрь 23 саат 43 мүнөттө түзүлдү.**

**Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн кол тамгалары**

М. О.

| | | |
|---|---|---|
| **1. Төрага** | (кол тамга) | Камчыбекова Д. А (Ф. А. А.) |
| **2. Катчы** | (кол тамга) | Турсункулова А. А (Ф. А. А.) |
| **3. Мүчөлөр** | (кол тамга) | Асеева А. (Ф. А. А.) |
| **4.** | (кол тамга) | Алымкулова Г (Ф. А. А.) |
| **5.** | (кол тамга) | Жусупбекова З (Ф. А. А.) |
| **6.** | (кол тамга) | Керимбаева А. А (Ф. А. А.) |
| **7.** | (кол тамга) | Мукарова Б (Ф. А. А.) |
| **8.** | (кол тамга) | Осубекова Н. И (Ф. А. А.) |
| **9.** | (кол тамга) | Омуралиев М (Ф. А. А.) |
| **10.** | (кол тамга) | Стамбаев Т. К (Ф. А. А.) |
| **11.** | (кол тамга) | Ташкараев С. Э (Ф. А. А.) |
| **12.** | (кол тамга) | (Ф. А. А.) |

«Учкун» ААК. Зак. 466-3669.